Асек Казиев

# Биз тособуз Нооруз!

## Той ырларынын топтому

**Урматтуу окурман!**

**Тойлордо жакшы**

**каалоо-тилек айткыңыз келсе**

**бул китептен таба аласыз.**

## “Биз тозобуз Нооруз”

Сүр эт кошуп май салып,
Сүмөлөктү кайнатып.
Биз тозобуз Нооруз,
Бир казандан даам татып.

Бар тамакты жайнатып,
Баары чогуу баарлашып,
Бата берет карылар,
Бакыт-таалай каалашып.

Айлана бүт тазарып,
Аалам бүгүн жашарып,
Жакшылыкты тилейбиз,
Жан дүйнөбүз агарып.

Дидарлашып адазмат,
Дасторкондон даам татат.
Балдар жайып алакан,
Бабалардан бата алат.

## “Куш келиңиз, Нооруз”!

Булактардан суу ташып,
Бак-дарактар бүр ачып.
Жаңыланат жер бети,
Жашыл кийип жасанып.

*Кайырма:* Куш келиңиз Нооруз,
Куттуу жылдан болуңуз.
Аткарылсын ар дайым,
Аруу тилек оюбуз.

Жаңыланып тазарып,
Жан-дүйнөбүз агарып.
Балдар болсун бактылуу,
Бабалардан бата алып.

Жаңы жылым келиңиз,
Жакшылык мол бериңиз.
Биримдикте жашайлы,
Бейкуттукта элибиз.

*Кайырма:* Куш келиңиз Нооруз!

Куттуу жылдан болуңуз.

Аткарылсын ар дайым,

Аруу тилек оюбуз!

**Салам сага Нооруз!**

Салам айтам санжыралуу Нооруз,

Салтанаттуу улуу майрам тоюбуз.

Ынтымакты элибизге ыроолоп,

Ырыскылуу бейкут жылдан болуңуз.

Куш келиңиз күлүмсүрөп Нооруз,

Коломтодо жанып турсун отубуз.

Арбын болуп ала келген белегиң,

Адамзатка ак жолтой жыл болуңуз.

Алдыбызда келе жаткан Нооруз,

Аткарылсын аруу тилек оюбуз.

Кучак толо кут тартуулап үйлөргө,

Кубанычка тең ортоктош болуңуз.

## Жаны жыл

Ак жолтой бол жаны жыл,
Аш  тамакты арзан кыл.
Ала-тоолук кыргызды,
Апаттардан аман кыл.

Бакыт бергин жаны жыл,
Берекелүү заман кыл.
Бапыратып той берсин,
Баласызды базар кыл.

Байлык бергин жаны жыл,
Пейли тарды адам кыл.
Бечаралар байысын,
Бакстарды саман кыл.

Жакшылык бер жаны жыл,
Жардыларды бардар кыл.
Бүткүл дүйнө жүзүндө,
Бейкутчулук заман кыл.

Салам айтам жаны жыл,
Сарсанаадан аман кыл.
Салгылашкан жаат курап,
Саясатты тамам кыл.

## “Жаз келди”

Күн менен түн теңелип,
Күн жылыды кар ээрип.
Жан жаныбар шаттанат,
Жергебизге жаз келип.

Ак кар ээрийт бууланып,
Арыктардан суу агып,
Чыйпылдашып сайрашат,
Чымчыктар да кубанып.

Дайралардан суу ташып,
Бак-дарактар бүр ачып,
Ачууланган кыш бою,
Аяз кетти кыр ашып.

Күн да төгүп мээримин,
Күн жылытат жер жүзүн.
Дыңды бузуп жер айдап,
Дыйкан себет эгинин.

## **“Кыргыз тил барда улутсуң”**

Кыргыз тил барда улутсуң,
Кыргыз тил менен улуксуң.
Кыргыз тилин унутсаң,
Кыйындардын кулусуң.

Эне тил барда канат бар,
Эне тил барда Манас бар.
Эне тилин билбесең,
Энчиңди ар ким талашаар.

Көрсө да кыргыз кыйынды,
Көтөргөн далай кылымды.
Бабалар мурас калтырган,
Барктагын бешик ырыңды.

## “Керемет”

Жашоонун өзү керемет,
Жакшы ойлор сени жетелеп.
Умтулуп алга келесиң,
Учуна мына жетем деп.

Кызык ээ, турмуш керемет,
Кыялың алга жетелеп.
Кыбырап чыгып келесиң,
Кырына мына жетем деп.

Бир кырга чыксаң бир кыр бар,
Бийиктейт улам ал кырлар.
Тынымсыз жашоо бул күрөш,
Тирүүлүк деген жыргал бар.

## “Тушоо той”

Багалекти түрүнүп,
Балдар чуркайт жүгүрүп.
Тушоо тойдо жарышып,
Байге алышат сүйүнүп.

*Кайырма:*
Кас, кас, кас, кас тай күлүк,
Кадам шилте жүгүрүп.
Бакыт каалап чоң атаң
Бата берет сүйүнүп.

Аргымакча түйүлүп,
Атаандашып күйүгүп,
Чымылдашып жарышып,
Чыгып келсе сүйүнүп.

*Кайырма:*

Тай, тай, тай, тай күлүк,
Талпын алга жүгүрүп,
Теңир тоолук таятаң,
Тай энчилейт сүйүнүп.

Катар сапка тизилип,
Кыздар чуркайт жүгүрүп.
Тай-тайлашып бөбөктү,
Тушоо кесет сүйүнүп.

*Кайырма:*

Кана, кана? Тай күлүк,
Кадам шилте жүгүрүп.
Токсондогу чоң энең,
Тилек айтат сүйүнүп.

## “Той ыры”

Сизде мырза, бизде кыз,
Кудай кошкон кудабыз.
Башын кошкон жаштарга,
Бата берип турабыз.

Дал келишип оюңар,
Даңгыр болсун жолуңар.
Алтын тойду бергиле,
Ажырашпай колуңар.

Көшөгөңөр көгөрсүн,
Урмат сыйга бөлөнгүн.
Улуулардан батаа алып,
Урпагыңар көбөйсүн.

Таталы бул кесени,
Той бүтпөсүн эзели.
Жалпы отурган баарыбыз,
Жентек тойго келели.

**“Ак бата”**

Агарып аткан таң болуп,
Ак үйгө жарык шам болуп.
Алганың менен тең кары,
Алпештен сүйгөн жар болуп.

Урматтап сүйгөн жар болуп,
Үйүңө жарык шам болуп.
Уул кызың өсүп көбөйсңн,
Өзүнчө чакан шаар болуп.

Абийирдүү болуп жашыңдан,
Ак бата алып калкыңдан.
Алганың менен тең кары,
Ак жоолук түшпөй башыңдан.

Ыймандуу болуп жашыңдан,
Ыракмат алып калкыңдан.
Ынтымак менен өмүр сүр,
Ырыскың кетпей башыңдан.

Абийирдүү болуп жашыңдан,
Ак бата алып калкыңдан.
Алганың менен тең кары,
Ак жоолук түшпөй башыңдан.

Маралдай болуп сын бузбай,
Маңдайың жарык жылдыздай.
Манастын колдоп арбагы,
Уулуңар болсун Чыңгыздай.

Баш кошкон тойдун үстүндө,
Батасын берсин улуулар.
Батасы тийип алардын,
Президент болсун уулуңар.

## АК ЖОЛТОЙ БОЛСУН ҮЙҮҢӨР

Алоолоп жанып сүйүүңөр,
Алдыга жылып ишиңер.
Алдынан жалгап жарыңдын,
Ак жолтой болсун үйүңөр.

Жүрөктөн өчпөй сүйүүңөр,
Жүзүңдөн кетпей күлкүңөр.
Жентек той берип жылыга,
Жакшылык толсун үйүңөр.

Шуулдап бир ачып көбүргөн,
Шампандай болуп төгүлгөн.
Ынтымак бакыт кетпесин,
Ырыскың агып төрүңдөн.

Бараткан кезде жол кезип,
Бакытка кезик кол берип.
Апакай болгон үйүңдөн,
Ай сайын тургун той берип.

Келаткан кезде жол кезип,

Кызырга кезик кол берип.

Кут конуп барган үйүңдө,

Күн сайын тургун той берип.

Турмуш дайра шар агат,

Туугандан озгун сабалап.

Таалайлуу өмүр сүргүлө,

Токсон бир жашты чамалап.

**“Эң кымбат”**

Ала-Тоо  асыл жер кымбат,

Ак калпак кыргыз эл кымбат.

Эне деп алгач оозанган,

Эне тил мага эң кымбат.

Көгүлтүр Ысык-Көл кымбат,

Көйкөлгөн жашыл төр кымбат.

Батырган Манас дастанын,

Баарынан эне тил кымбат.

Адамга аруу дил кымбат,

Ападан артык ким кымбат.

Кыргыз тил барда кыргыз бар,

Кыргыз тил мага эң кымбат.

## **“Ала-Тоо”**

Ала-Тоом асыл мекеним,

Ала-Тоом ыйык медерим.

Көк тилген чокуң көргөндө,

Көңүлүм толкуп кетемин.

Айкашып турган асман жер,

Атабыз Манас тапкан жер.

Агардым, сенден көгөрдүм,

Айланам сенден кутман жер.

Эчен жоо көзүн арткан жер,

Эчен бир азап тарткан жер.

Эдилге чейин сүрүлүп,
Элибиз кайра тапкан жер.

Тоолорум бийик өскөн жер,
Теңирим кутун төккөн жер.
Чокусун күмүш нур чалып,
Күн нурун алгач өпкөн жер.

Ала-Тоом ыйык кутман жер,
Атагын дүйнө уккан жер.
Ааламга сермеп канатын,
Айтматов алгач учкан жер.

Агарып таңы аткан жер,
Аталар барктап баккан жер.
Баскынчы келсе жолотпой,
Баатырлар ээрге каткан жер.

Тоолорум - ыйык сырларым,
Түгөнгүс тунук ырларым.

Өзүңдөн алып кубатты,
Өмүрдүн татам убайын.

Апамдай көргөн ынагым,
Аралап шибер туланын.
Жалынды алып өзүңдөн,
Жашоонун татам жыргалын.

Ардактайм сенин атыңды,
Ак калпак кийген башыңды.
Башкага ыраа көрбөймүн,
Бармактай болгон ташыңды.

Тоолорум алтын бешигим,
Тоолорум ырыс кешигим.
Топон суу келе жатса да,
Төшүмдү тозом сен үчүн.

Көк кашка тунук сууларын,
Көлүңдө аппак кууларың.

Кайрылгыс болуп баратсам,

Карекке сактап узаармын.

**“Өнөрдүн алды - кыргыз тил”**

Кылычты кыя чапкан тил,

Кыргызым барктап баккан тил.

Кызыл жалын от кечип,

Кылымдап жолду баскан тил.

Кырааты менен сүйлөсө,

Кытайга дагы жаккан тил.

Эчен ашуу ашкан тил,

Элибиз барктан баккан тил.

Элдигин элим жоготпой,

Энедей барктап баккан тил.

Эр Төштүк, Жаңыл, Курманбек,

Эпостун баары баткан тил.

Акындын багын ачкан тил,

Акылды элге чачкан тил.

Башына сактап жат айткан,

Бабабыз Манас баткан тил.

Ааламда элге таанытып,

Айтматов багын ачкан тил.

Бабадан калган ыйык тил,

Булактан таза, тунук тил.

Баягы Совет доорунда,

Баш болуп бизге Кремль.

Багы жок жетим баладай,

Басынып келген кыргыз тил.

Өнөрдүн алды кызыл тил,

Өзөгү өнгөн ыйык тил.

Ак калпак элим сүйлөгөн,

Ала-Тоом окшош бийик тил.

Өнүккөн Совет доорунда,

Өйдө ылдый болду  кыргыз тил.

Биригип жашап оруска,

Биринчи болдук союзда.

Бригадир дагы койчу эмес,

Билбесең тап-так орусча.

Саясий айып такчу эле,

Сайрасаң Ала-Тоолукча.

Жанаша жашап оруска,

Жаттадык жалаң орусча.

Андрей, Сергей, Иван деп,

Ат койдук ата-конушка.

Унчукпай жүрдүк басынып,

Указка менен коркутса.

Оозантты көздү ачкандан,

Окутту бала бакчадан.

Окуган жердин баарында,

Орусча жалаң какшаган.

Өкмөт менен Партия,

Өзгөчө муунду таптаган.

Көрсөтмө келсе борбордон,
Кош колдоп аны колдогон.
Айтканың абдан туура деп,
Арзыматтар чоң болгон.
Азамат уулу Искагың,
Айыптуу болуп кордолгон.

Унчугуп айткан батынып,
Улутчул жардык тагылып.
КГБ деген кыйкым таап,
Ур-токмок кылчу жабылып.
Тазабек, Зыяш Бектенов,
Түрмөдө жатты камыгып.

Жашырып кыргыз тарыхын,
Жаттатты КПСС тарыхын.
Жабыгып жапа чегишти,
Жазгандар сөздүн калысын.
Марксизм деп жатып,
Маңкурт кылды баарысын.

Оозантпай элдин тарыхын,
Окутту орус тарыхын.
Ойронуӊ чыккан СССР,
Ойготпой улут намысын.
Коммунистик дух менен,
Кемчонтой кылды баарысын.

Акындар чыккан ак тандай,
Ак калпак элге таркалбай.
Арстанбек, Жеӊижок,
Алтындай сөзү баркталбай.
Канча мурас жок болду,
Кагазга жазып сакталбай.

Эл баккан баатыр баркталбай,
Эрдиги элге даӊкталбай.
Тагай бий, Махмуд Кашгари,
Тарыхта аты аталбай.
Бабабыз Баласагындын,
Байлыгы жатты такталбай.

## “Ойгон кыргыз”!

Ойгон кыргыз тебелетпе намысты,
Окуп көрчү өткөн улуу тарыхты.
Урал Тоодон чыгышты бүт ээлеген,
Улуу элдин урпагысың байыркы.

Ойгон кыргыз бийик көтөр башыңды,
Ыйык сакта ата баба салтыңды.
Азаматтар ата журтка кызмат кыл,
Оор жүк басып турган кезде калкымды.

Ойгон кыргыз оор турмушка буюкпа,
Жакырлантып жан дүйнөңдү курутпа.
Ала-Тоодой ар намысын туу туткан,
Атаң Манас экендигин уңутпа!

## “Кыргыз деген улутмун”

Мен кыргызмын, кыргыз деген
улутмун,
Москва, Бээжин, Вашингтон, бүт уккун.
Мекен кылып Теңир-Тоону жердеген,
Манас атам менин түпкү уюткум.

Тоодо туулган тоолук кыргыз улутмун,
Тоодой болуп толуп турат ырыскым.
Жабыркатпай жакшынакай күткүн деп,
Жаратканда берген жердин сулуусун.

Ак калпакчан кыргыз деген улутмун,
Теңир-Тоонун булагындай тунукмун.
Кудай дагы карегиңдей сакта деп,
Кыргызыма көлдүн берген сулуусун.

## “Мен күйбөсөм”

Кыргызстан эгемендүү өлкөм бар,
Кыргыз элдин тили менен өлкө ал.
Кыз-уланың барктабаса өз тилин,
Кыргызымдын кызыл оту өчкөнү ал.

Каршы эмесмин кыйла тилди
үйрөнгүн,
Кыргызмын деп соксун дилиң,
жүрөгүң.
Өзгөлөрдү мыйыгынан жылмайтпай,
Өз өлкөңдө өз тилиңде сүйлөгүн.

Мен күйбөсөм улутума тилиме,
Сен күйбөсөң куттуу кыргыз үйүнө,
Келечекте кетебизби жок болуп,
Күнкор болуп көп улуттун бирине.

**“Көрүнөр бекен калпагың”?**

Бейиштей сонун жердебиз,
Береке төгөт жергебиз.
Жалкоолук эле болбосо,
Жапондон кемчил эмнебиз?

Ырыстуу сонун жердебиз,
Ырыскы төгөт жергебиз.
Ыкшоолук эле болбосо,
Немистен кемчил эмнебиз?

Уктабай таңда туралы,
Урушпай оокат кылалы.
Урпактар наалат айтпасын,
Умтулуп өйдө чыгалы.

Аракка ообой жаштарың,
Азайса экен мастарың.
Көмөгүн берген жардыга,
Көбөйсө экен байларың.

## Курусун

Ынтымагың жок болсо,
Көп болгонуң курусун.
Тобуң менен токмок жеп,
Төрт болгонуң курусун.
Өкүм орой сүйлөсөң,
Өрт болгонуң курусун.
Өткөн ишке кек сактап,
Өч болгонуң курусун.
Өз элиңе пайдаң жок,
Лөк болгонуң курусун.

Жалыны бар табы жок,
От болгонуң курусун.
Ысыгың жок болгон соң,
Чок болгонуң курусуң.
Котур ташың койнуңда,
Дос болгонуң курусун.
Калкың ачка отурса,
Ток болгонуң курусун.

Калыстыгың болбосо,

Сот болгонуң курусун.

Какшып жаткан суусу жок,

Сай болгону курусун.

Кайрымы жок кедейге,

Бай болгонуң курусун.

Кыжаалаттан чыкпасаң,

Бар болгонуң курусун.

Алты саның соо туруп,

Кар болгонуң курусун.

Калк кадырын билбеген.

Хан болгонуң курусун.

Жер кадырын билбесең,

Жан болгонуң курусун.

Эр кадырын билбесең,

Жар болгонуң курусун.

Жылуулугуң жок болсо,

Там болгонуң курусун.

Көлөкөсү тийбеген,

Тал болгонуң курусун.

Болбос ишке кайгы жеп,

Зар болгонуң курусун.

Жарыгы жок бықшыган,

Шам болгонуң курусун.

Кадырың жок калкыңа,

Чал болгонуң курусун.

Базары көп пейли тар,

Шаар болгонуң курусун.

Көптүн көзүн караган,

Аз болгонуң курусун.

Акылың жок болгон соң,

Таз болгонуң курусун.

Бечарага бел болбой,

Бек болгонуң курусун.

Маңызы жок, маани жок,

Кеп болгонуң курусун.

Жоону тозо албаган,

Чеп болгонуң курусун.

Оозду майлай албаган,

Эт болгонуң курусун.

Убададан уялбас,

Бет болгонуң курусун.

Мөмө жемиш бербеген,

Бак болгонуң курусун.

Убагында бүтүрбөй,

Бат болгонуң курусун.

Ичиң арам болгон соң,

Ак болгонуң курусун.

Жарашпаса кийгениң,

Чак болгону курусун.

Кайрымы жок калкына,

Шах болгонуң курусун.

Убагында тийбеген,

Кат болгонуң курусун.

Жүрөгүңдө жалын жок,
Жаш болгонуң курусун.
Бийлигиңе дөөгүрсүп,
Мас болгонуң курусун.
Аргымакча сының жок,
Ат болгонуң курусун.
Өз элиңдин ичинде,
Жат болгонуң курусун.

Жол жүргөндө тынчы жок,
Жорголугуң курусун.
Окууң пайда бербесе,
Молдолугуң курусун.
Өкүмөтүң он бөлөк,
Ордолугуң курусун.
Өлүп жерге киргенче,
Өтө берет турмушуң.
Жаратканым берет деп,
Жата бербе кыргызым.

# МАЗМУНУ:


**“БИЗ ТОЗОБУЗ НООРУЗ” ........................................................ 3**

**“КУШ КЕЛИҢИЗ, НООРУЗ”! ..................................................... 4**

**САЛАМ САГА НООРУЗ! ........................................................... 5**

**ЖАНЫ ЖЫЛ .......................................................................... 6**

**“ЖАЗ КЕЛДИ” ....................................................................... 7**

**“КЫРГЫЗ ТИЛ БАРДА УЛУТСУҢ” ........................................... 8**

**“КЕРЕМЕТ” ........................................................................... 9**

**“ТУШОО ТОЙ” ...................................................................... 10**

**“ТОЙ ЫРЫ” ......................................................................... 12**

**“АК БАТА” ........................................................................... 13**

**АК ЖОЛТОЙ БОЛСУН ҮЙҮҢӨР ............................................. 15**

**“ЭҢ КЫМБАТ” ...................................................................... 16**

**“АЛА-ТОО” .......................................................................... 17**

**“ӨНӨРДҮН АЛДЫ - КЫРГЫЗ ТИЛ” ....................................... 20**

**“ОЙГОН КЫРГЫЗ”! .............................................................. 25**

**“КЫРГЫЗ ДЕГЕН УЛУТМУН” ................................................. 26**

**“МЕН КҮЙБӨСӨМ” ................................................................ 27**

**“КӨРҮНӨР БЕКЕН КАЛПАГЫҢ”? ........................................... 28**

**КУРУСУН .............................................................................. 29**

**Асек Казиев**

# "БИЗ ТОСОБУЗ НООРУЗ"

(той ырларынын топтому)

Бул китеп бонча оюңарды төмөнкү телефонго билдирип, койсоңуздар болот.
(0709) 13-75-88, (0779) 80-90-74


**Редактору: Бакаев А.**

**Техникалык редактор: Сыдыков А.**

**Компьютердик калыпка салган: Чекиров Н.**

Тергүүгө 23.12.2014-ж. берилди. Басууга 16.01.2015-ж.
Кол коюлду. Заказ №109. Офсеттик басма
Нускасы 200 даана